**КУРМАНКУЛОВ Ш.Ж., САТАЕВА Л.А. ,**
*ТалМУ*

# ОКУТУУНУН ЖАҢЫ ПАРАДИГМАЛАРЫ ЖАНА АНДАН ПАЙДА БОЛГОН СУРООЛОР

АННОТАЦИЯ *Окутуунун жаңы парадигмаларынын пайда болуу негиздерине көңүл буруу менен анын негизги беш көз карашына токтолгон. Эмне үчүн жаңы парадигмалардын зарылдыгы жана алардан пайда болгон суроолордун жооптору чечмеленген. Ошондой эле окутуунун, билим берүүнүн түпкү максаты б.а. стратегиялык мотиви айтылган.*

АННОТАЦИЯ *В данной работе изучены причины возникновения новой парадигмы обучения в современных условиях. Обращено внимание на необходимость и важности пяти основных видов новой парадигмы и даны ответа на возникшие вопросы. Также сказано о главном мотиве обучения учащихся в школе.*

Педагогикада Я.А. Коменскийдин теориялары суугарылган мезгилден баштап эле билим берүүнү жана билимди өздөштүрүүнү ченөөчү масштабдык бирдик катарында негизинен «билим, билгичтик жана көндүм» таанылып, ошол ченем катары (мерка) окуу материалын өздөштүрүүсү, сабактардагы жетишүсү өлчөнүп келген. Муну менен катарлаш мектептеги билим берүү системасында окуучуларды «тарбиялоо», «өстүрүү» функцияларын сабакта жана андан сырткары убактарда жүргүзүлүп келгенинин билебиз. Илимий техникалык прогрестин таасири менен өзгөрүлгөн коом өлчөөнүн жаңы бирдигинин пайда болушуна алып келди. Атаандаштык (рыноктук) экономикасы кайсы бир мезгилде иштөөчүлөрдү жумуш орунга орноштурууда, кызмат орунга татыктуу талаптарды киргизүү маселеси көтөрүлгөн. Атаандаштыкта көптүн бирин, экинин бирин тандап алууда критерийлерге таянуу керектиги алдынкы планга чыга баштаган. Дүйнөлүк практикада атандаштык экономикасынын мындай талаптарына мектеп окуучуларын даярдоо үчүн, билим берүү системасында чагылдыруу үчүн «компетенция» жана «компетентүүлүк» түшүнүктөрүнүн пайда болушуна алып келди. Биздин *көз карашыбыз боюнча компетенттүүлүк параметри мектептеги айтылып жүргөн үч функцияны мектепти бүтүрүп чыккандан кийин социалдык коомго аралашууда аларды бирдиктүү баалоо ченеми зарылдыгы катары келип чыгышы мүмкүн.* Советтик коомдо «Мектеп турмуштун жолун көрсөтөт» - деген чакырык уран бар болчу. Бул, мектеп окуучуну турмушка даярдайт деген түшүнүк менен барабар нерсе болгон. Бүгүнкү бүтүрүүчүнүн турмушка даярдыгын ченөөдө, бул бала кызмат ордундагы ага тагылган милдетти аткара ала турган билимдүү, тарбия алган бала экен, өсүп-өнүккөн, өсүп өнүгө турган бала экен, дебестен эле анын «компетентүүлүгү» деген бир эле түшүнүк ишке кире баштады.

Я.А. Коменский: «Билим берүү жаратылышка окшош болуш керек. Табияттын катаал атаандаштыгында күчтүү жан-жаныбарлар жашап тукумун улайт, кубаттуу өсүмдүктөр өсүп-өнүгүп түшүмүн берет. Ошентип жаратылыш өзүн-өзү жөндөп ирээтке салып турат. Билим берүү дагы ошондой система»- деген. Чынында билим ***берүү системасы ошондой экенине ынанууга болот, анткени ал коомдогу өзгөрүүгө, өнүгүүгө жана ар кандай кырдаалга жараша өзгөрөт, өсөт, өнүгөт, аксайт жана крисизге дуушар болушу мүмкүн.*** Ошондой эле ал дайыма көп түрдүүлүккө, фундаменталдуулукка жана дагы атаандаштыкка умтулат. Ошондуктан билим берүү системасын жандуу нерсе катары кароо туура болот. Мындай өсүү, өнүгүү, өзгөрүү мезгил талабына ылайык жаңы көз караштагы, билим берүүнүн жаңы парадигмалардын пайда болуп жаралышына шарт түзөт.

*Билим берүүнүн мазмунунун, мүнөзүнүн жана максатынын өзгөрүүгө муктаж болушу, заман талабына ылайык адамдардын эркин өнүгүү мүмкүнчүлүгүнүн түзүүгө, чыгармачылык демилгени пайда кылууга, өз алдынча өнүгүүгө, мобилдүү болууга жана атаандаштык жөндөмдүлүгүн өстүрүүгө негизделип келип чыгууда. Ушундай бир топ*

*жаңы көз караштарга ылайык азыркы мезгилде окутуунун жаңы парадигмалары пайда болду.*

Профессор Н. Ишекеев: «Мугалим сабактын кайсы тибин, формасын тандап албасын, үч парадигманын туруктуу жана үзгүлтүксүз катышып турарын байкадым»- дейт [1]. Алар:

1. Адамзат тарабынан топтолгон бардык билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн окуучуларга мүмкүн болгон максималдуу көлөмүн берүү артыкчылыктуу касиет деп эсептеген илимий-маалыматтык парадигма.
2. Билим берүү аркылуу ата-мекендик жана жалпы адамзаттык маданий баалуулуктарды окуучуларга өткөрүп берүүгө багытталган маданий парадигма. Бул Кыргыз Республикасынын гимнде дагы чагылдырылган: «Бизге жеткен ата салтын мурасын. Ыйык сактап урпактарга берели».
3. Окуучуларга терең жана кенен интеллектуалдуу билим берүүнү социалдаштыруу менен айкалыштырган окуучуга багытталган парадигма.

Көптөгөн окумуштуулардын В.В. Краевский, В.П. Симонов, А.В. Хуторский, В.И. Байденко, А.В. Дахин, А.Н. Ибрагимов, И.А. Зимняя, Э.М. Мамбетакунов, И.Б. Бекбоев, Н.И. Ишекеев жана башка окумуштуулардын илимий эмгектерин окуп, анализдеп, бүгүнкү күндө билим берүүдөгү негизги жаңы парадигмалардын катарына төмөнкүлөрдү саноого болот [2-4]. Алар:

- *инсанга багытталган окутуу;*
- *компетенттүүлүккө багытталган окутуу;*
- *алган билимин колдоно билүүчү натыйжага багытталган окутуу;*
- *өз алдынча билим алууга, өздүк рефлексиясын пайда кылуу жана өстүрүүгө багытталган окутуу;*
- *окутуу сапаттарын баалоонун жаңы формаларын, ыкмаларын ийгиликтүү колдонуу багытында окутууну уюштуруу.*

Окутуунун жаңы парадигмаларынын келип чыгышына карата **6** суроонун пайда болуу ыктымалдуулугу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Алар:

- *Эмне үчүн балдарды окутабыз?*
- *Эмне үчүн окуучуларды компетентүүлүккө багыттап окутушубуз керек?*
- *Эмне үчүн окуучуларды инсанга багыттап окутушубуз керек?*
- *Эмне үчүн окуучуларды жана студенттерди өз алдынча билим алуусуна (өнүгүүсүнө) жана өздүк рефлексиясын ойготуу менен окутабыз?*
- *Эмне үчүн калыптандыруучу баалоо ыкмаларын колдонушубуз керек?*
-*Эмне үчүн алган билимин практикада, турмушта колдоно билүүчү натыйжага, социалдаштыруу багытында окутабыз?*

**1.** Эмне үчүн балдарды мектепте окутабыз жана орто мектепти бүтүрөбүз?- деген суроонун бири-биринен кенен болгон жообу төмөнкүлөр болушу ыктымал. ***Биринчи жооп*** - *балдар сөзсүз сабаттуулукка ээ болуусу үчүн.* Эгерде биринчи жоопту туура көрсөк, анда эмнеге сабатуулукту жойгондон кийин б.а. кенже классты бүткөндөн кийин (5-класстан) токтотуп койбостон дагы окуганды талап кылып жатабыз? Анткени бүгүнкү күндүн талабы, көз карашы боюнча тамга таанып, китеп, газета- журнал окуй албаган сабатсыз эмес, өз алдынча билим ала албаган адам сабатсыз- деген түшүнүктөр орун алып калган[5]. Ошондуктан бүгүнкү күнү сабатсыздыкты жою өз алдынча билим алып, өз алдынча көнүгө тургандай деңгээлге жеткирүү максаты пайда болгон. Бул жалпы базалык билим берүү менен токтолушу мүмкүн (9-класс). Бүгүнкү күнү сабатсыздыкты гана жоюп коюу жетишсиз, анткени биз жаңы багыт алып, тандаган коомубуз атаандашуу (рыноктук) экономикалык шартында жашоого келип калды. Мындан **экинчи жооп** пайда болушу мүмкүн, ал - *эртеңки турмушта айлана-чөйрөнү, социалдык коомду таанып анда коомго ылайыкташып жакшы жашап кетүү үчүн, б.а. социалдаштыруу үчүн.* Мына ошону үчүн биздин коом дээрлик баардык балдарга орто же орто кесиптик билим берүүнү туура- деп эсептеп, мамлекет аны колдоого алууда. Андан кийин коом баардыгына эмес, мектептин

компетентүү бүтүрүүчүлөрүнүн алдына бүгүнкү күндө жогорку окуу жайынын жана андан сырткары «үзгүлтүксүз» билим алуу, орусча айтканда «век живи, век учись», дегендей тенденцияны ыргытты. Мындан окутуунун **үчүнчү жообу** пайда болду десе болот, ал - *билим алып аны өркүндөтүп, келечекте жакшы профессионалдуу адис болуу менен коомдо салмактуу, барктуу орун табып, жогорку деңгээлде жакшы, бакубат жашоо үчүн.* Мына билим алуунун, окутуунун стратегиялык жообу, мотиви ушундай болуш керек эле, билимдүү адис жакшы бакыбат жашоосу керек эле. Бирок чындыгында биздин коомдо ушундайбы? Мунун жообу айтпасакделе түшүнүктүү болуш керек.*Бул*дүйнөдөгү өнүккүн өлкөлөрдө алда качан ишке кирген «Улуттук квалификациялык рамка» жөнүндө мыйзам Кыргызстанда каралып, кабыл алынгандан кийин гана жөнгө салынышы мүмкүн.

**2.** Эмне үчүн компетенттүүлүккө багыттап окутабыз, анткени Советтик коомдо билим, билгичтик жана көндүм (ББК-ЗУН) эң сонун, жетиштүү критерий болуп келген. Биздинкөз карашыбызда бүгүн деле бул жетиштүү болмок, эгер чынында окуучу үйрөтүлүүчү материалды толук билсе. Материалды жакшы билген окуучу алган билимин практикада колдонуу аракетин жасай алат. Андай аракетти жасап, кайра-кайра кайталоого «эрки» жеткен окуучу көндүмгө ээ боло алмак. Маселе ошол ББКнын толук кандуу бардык окуучулар үчүн аткарылбаганында болуп турат. ББКга толук жетишкен окуучу өз алдынча коомдун, чөйрөнүн, ата-энесинин, ага-эжесинин таасири менен өзүн-өзү өнүктүрүп, азыркы айтылып жаткан керектүү «чечүүчү (универсалдык)» инсандык жакшы жеке сапаттарын калыптандырып коомго аралашып жашап кетүү жөндөмдүүлүгүнө ээ боло алышкан. Бүгүнкү күндө көпчүлүк окуучулардын ББКсы жакшы калыптанбагандыктан, ал бир багыттуу болуп, өзгөргөн, катал, атаандаштык заманында ага ыңгайлашып жашап кетүүгө, социалдашууга жакшы даяр боло албай жатканында. Ошон үчүн бүгүн мектепте баланы окутууда, мектеп курагынан баштап социалдаштырууга даярдоо зарылдыгы чыгып маселе коюлууда. Ошондуктан айтылган 2 тарапты тең колдон келишинче камтуу үчүн компетенттүүлүккө багыттап окутуу парадигмасы жаралып, аны ишке киргизүү зарылдыгы айтылууда.

**3.** *Эмне үчүн инсанга багыттап окутуунун домбрасы бүгүн катуу кагылууда*? Инсанга багыттап окутуу же ушул маанидеги нерсеге көңүл бурган окутуу мурда жок беле? Советтик доордо бул маселе башка контексте, башка аталышта айтылуучу б.а. дифференциалдык окутуу (дифференциальный подход) деген түшүнүктө колдонулуучу. Анткени ал убакта окутуунун баардыгы класс менен дээрлик көпчүлүгү аралаш сабак менен жүргүзүлчү. Окуу материалы орто окуучунун натыйжага жетүүсүнө ылайык эсептелип түзүлгөн. Орто окуучулар класстын негизги бөлүгүн түзгөн. Бир класстын окуучуларынын табигый илимдер боюнча билим деңгээли бири биринен айрымачылыгы азыраак болгон. Бүгүн бир класстын окуучуларынын табигый илимдер боюнча билим деңгээлинин айрымачылыгы чоңураак болуп калган учур. Бул айрымачылыктын ажырымы класс чоңойгон сайын чоңойуп баратканын билүүгө болот. Ошондой окуучулардын барысын бирдей деңгээлге жакын компетентүүлүккө багыттап окутуу үчүн инсанга багыттап окутуу зарылдыгы алдыңкы планга чыгып олтурат. Инсанга багыттап окутууда класстагы бири-бирине окшошпогон, бири-бирин кайталабаган мүнөздөгү балдардын баарын өзүнө жараша мамиле кылуу менен компетенттүүлүккө багыттап окутуу болуп саналат, б.а. ар кимисин өз алдынча жөндөмүнө жараша компетенттүүлүккө багыттап окутуу болуп саналат.

**4**. *Эмне үчүн бүгүн өз алдынча билим алууга. Өздүк рефлекциясын ойготууга окутуу зарыл?* Акыркы убакта билим берүү тармагында *сандан сапатка* умтулуунун, жаңылануунун жана натыйжалуу аракеттерди жасоонун багытында иштерди жасоо проблемасы күчөп бaратат. Сандан сапатка өтүүнү бир тарап окуучулар гана же бир тарап окутуучулар гана жасай алышпайт. Бул параллелдүү кош аракетти талап кылуучу процесс. *Ошон үчүн окуучулардын же студенттердин сапаттуу билим алуусу- бул алардын өзүнчө окуп үйрөнүүсү эмес, окутуучунун же мугалимдин систематикалык жетекчилиги менен*

*окуудагы өз алдынча чыгармачылык иш аракеттеринин натыйжасы боло алат.* Окуучуларды өз алдынча окуп билим алууга умтултуу алардын өздүк рефлексиясын ойготуп жана өнүктүрүүдөн көптөн көп байланыштуу.

**5.** *Эмне үчүн калыптандыруучу баалоо ыкмаларын колдонушубуз керек?* Анткени мектепте окуучулардын билимин баалоо көпчүлүк учурда субьективдүү мүнөзгө ээ болот. Кээ бир учурларда ал жазалоочу каражаттын гана милдетин аткарып калган фактылар кездешет. Ошон үчүн балоону обьективдүү жүргүзүү багытында иш алып баруу, алардын иш араеттерин туура балоо калыптандыруучу балоонунун ыкмаларын колдонгондо гана ишке ашуусу мүмкүн деген ойлор көп айтылып жүрөт. Биринчиден калыптандыруучу баалоо субьективдүү баалоону обьективдүү баалоого өтөкрүүгө көмөктөш болсо, экинчи жактан окуучунун өзүнө берген баасы менен ага мугалимдин берген баасынын ортосундагы айрымачылыкты азайтуу мүмкүнчүлүгүн көрсөтөт.

**6.** *Эмне үчүн алган билимин практикада, турмушта колдоно билүүчү натыйжага, социалдаштыруу багытында окутабыз?* Бул суроого жооп беришти комментарийлештин деле зарылчылыгы жоктой сезилет. Анткени ал жөнүндө жетиштүү мисалдар көптөгөн илимий макалаларда келтирилген. Бир сөз менен кыскача айтканда атаандаштык экономикасынында жумуш берүүчүлөрдүн талабынан пайда болгон пардигма.

**Адабияттар**


1. Н. Ишекеев Токтогулдун мектеби. // Кут билим. №21 01.06. 2014
2. Хуторской А.В. Ключевые и предметные компетенции в школьном образовании.// Личностно-ориентированное направление модернизации образования. Материалы семинара, г. Нижний Тагил, 10-12 января 2005 г.
3. Хуторский А.В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированного образования. // Народное образование. -2003.-№2 –С58-64
4. Дахин А.В. Компетенция и компетентность. // Народное образование. -2005. -№9 –С38-42
5. Меерович М.И., Шрагина Л.И. Технология творческого мышления: практическое пособие. -Мн.: Харвест., М.: АСТ, 2000. –с 12.